Кыргыз Республикасынын
Көзөмөлчулук кенеши жөнүндөгү
2014-жылдын 30-майы 81-мыйзамынын
негизинде бекитилди

Бекитемин
И.Молдобаев атындагы орто
мектебинин директору
Саякбаева Ш.Ш.
«17» ______ 2022-жыл

# Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин көзөмөлчүлүк кенеши жөнүндө жобо

1.1 Жалпы жобо
1.2 Көзөмөлчүлүк кенештин максаты жана милдетгери
1.3 Көзөмөлчү кенештин ыйгарым укуктары
1.4 Көзөмөлчү кенештин милдеттери :
2.1 Көзөмөлчүлүк кенешти түзүү жана анын ишин уюштуруу
2.2 Көзөмөлчүлүк кенештин мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери
3.1 Көзөмөлчүлүк кенештин ишин финансылык жактан камсыз кылуу
3.2 Көзөмөлчүлүк кенештин жыйналышы
3.3 Көзөмөлчүлүк кенештин мамлекепик органдар, мектеп, жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү
4.1 Көзөмөлчүлүк кенештин ишин токтотуу

## 1.1 Жалпы жобо

- **Көзөмөлчүлүк кенеши** – юридикалык жак статусуна ээ болбогон,конкреттүү мекемеде мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү сапаттуу берүүнү өнүктүрүүгө кызыкдар болбогондордун баардыгын ыктыярдуу негизде бириктирген мамлекеттик эмес,өкмөттүк эмес,коомерциялык эмес коомдук уюм.
- Демөөрчүлүк жардам – жалпы билим берүү уюмдарынын материалдык жана техникалык окуу базасын колдоо үчүн юридикалык жана жеке талаптардын ыктыярдуу салымы.
- Көзөмөлчүлүк кенештин мүчөсү-кайтарымсыз негизде жалпы билим берүү уюмдарын тен башкарууда ыйгарым укукта иш жургүзөт.
- Көзөмөлчүлүк кенештин банктык эсебин – жалпы билим берүүчү уюмунун демөөрчүлүк жардамдардан түшкөн каражаттар түзөт. Мектепке жана анын жаамагына көрсөтүлүүчү жардамдар аталган эсеп аркылуу жүргүзүлөт.

### 1.2 Көзөмөлчүлүк кенештин максаты жана милдетгери

1. Көзөмөлчүлүк кенештин максаты кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн, тамак-аш азыктарынын жана дары-дармектердин сапатын, социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишинин айкындыгын, ошондой эле бюджеттик эмес каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.
2. Көзөмөлчүлүк кенештин милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:
   1) мектептин ишин натыйжалуу уюштуруу учун шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;
   2) мектептин уставдык максаттарына жана милдеттерине жетүүсүнө көмөктөшүү.
   3) мамлекеттик органдардын, жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык коомдук уюмдар менен, ошондой эле эл аралык уюмдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү;
   4) мектептерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карамакаршы келбеген каржылоонун кошумча булактарын тартуу.

### 1.3 Көзөмөлчү кенештин ыйгарым уктары

1) мектептин ишин жакшыртуу жана билим берүү, маданият, социалдык коргоо, жазаларды аткаруу жана саламатгык сактоо жаатындагы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;
2) мектептин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана чындоого, тамак-ашты уюштуруунун, медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын камсыз кылууга, спорттук-массалык, дене тарбия-ден соолукту чындоочу, социалдык-маданий, билим берүү иш-чараларын өткөрүүгө көмөктөшүү;
3) мектептин кызматкерлерин, мамлекепик органдардын, жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн, ошондой эле кызыкдар уюмдарды, адистерди жана эксперттерди Көзөмөлчүлүк кештин жыйналыштарына чакырууга;
4) финансы-чарбалык иш чөйрөсүндөгү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдери бузулган учурда туруктуу жана (же) убактылуу комиссиянын, жумушчу топторунун иштеринин жыйынтыктары боюнча ыйгарым укуктуу органга социалдык чөйрөдөгү мекеменин кызмат адамдарына, кызматкерлерине карата тийиштуу чараларды кабыл алуу жөнүндөгү сунуштарды киргизүүгө;
5) мекеменин ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга байланышкан маселелерди чечүүгө көмөктөшүүгө;
6) мамлекепик кызмат көрсөтүүлөрдү берүү маселелери боюнча жарандардын сунуштарын, арыздарын жана даттанууларын карооге катышууга.

### 1.4 Көзөмөлчүлүк кенештин милдеттери :

1) Кенештин ишинин жылдык планын иштеп чыгууга жана бекитүүгө;

2) өз мектептин администрациялары, алардын уюштуруучулары, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, башка уюмдар жана гуманитардык жардам көрсөткөн жеке жактар менен өз ара тыгыз аракетте жүзөгө ашырууга;

3) мектептин иши жөнүндө коомчулукка маалымдоого көмөктөшүүгө;

4) жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын веб-сайты аркылуу өз иши, кабыл алынган чечимдери жана алардын аткарылышы жөнүндө коомчулукка маалымдоого;

5) берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүүгө жана аларды өркүндөтүү боюнча өз сунуштарын киргизүүгө;

6) өз иши жөнүндө ар жылдык отчетторду даярдоого жана жалпыга маалымдоо каражаттары же мектептин уюштуруучуларынын расмий веб сайттары аркылуу коомчулукка маалымдоого;

7) мектепти каржылоого Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген кошумча булактарды тартууга;

8) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын талабы боюнча өз иши жөнүндө отчетторду берүүгө.

**2.1 Көзөмөлчүлүк кенешти түзүү жана анын ишин уюштуруу**

Көзөмөлчүлүк кенешти түзүүнүн тартиби

1. Төмөнкүлөр Көзөмөлчүлүк кенештин мүчөлөрү боло алышат:
   - Мектепте же коомдук иште иш тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү жарандары;
   - ишкер чөйрөлөрдүн, илимий жана билим берүү уюмдарынын, маданий жана мектептин, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, студенттик жана, ошондой эле гуманитардык жардам керсеткен жеке жактар.
2. Кенеш 15 адамдан ашык эмес санда тузүлөт.
3. Мектеп, жергиликтуу мамлекеттик администрация, жергиликтуу кецеш мектеп үчүн анын ведомстволук баш ийүүсүндө болгон жана 11 адамдан ашпаган Кенешти тандоо жана түзүү боюнча комиссия түзөт.
4. Комиссия жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу мектепте Көзөмөлчүлүк кенешти түзүү жөнүндө кулактандыруу берет же социалдык чөйодөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган өзүнүн расмий веб-сайтына жайгаштырат.

5. Комиссия мектептин Көзөмөлчүлүк кенешинин сапаттык курамын тандоону жана түзүүнү жүзөгө ашырат жана ал жергиликтуу мамлекеттик администрациянын жергиликтүү кенештин жана РББнүн макулдугу менен бекитилет.

6. Көзөмөлчүлүк кенештин курамынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аны бекиткен учурдан тартып 3 жылды түзөт. Бир эле адам чексиз жолу Көзөмөлчүлүк кенештин мүчөсү болууга укуктуу.

## 2.2 Көзөмөлчүлүк кеңештин мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери

1. *Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:*

- мектепте өткөрүлүүчү чогулуштарга жана жыйналыштарга байкоочулардын статусунда катышууга;
- Көзөмөлчүлүк кенеш, жергиликтуу кецеш жана мектеп тарабынан түзүлгөн комиссиялардын, жумушчу топтордун иштерине катышууга;
- Көзөмөлчүлүк кенештин терагасынын жана башка мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууну демилгелөөгө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана мектептин уставында каралган башка укуктарга.

2. Көзөмөлчүлүк кенештин мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Көзөмөлчүлүк кенештин жыйналыштарына келүүгө;
- Көзөмөлчүлүк кенештин мүчөсүн журум-турум этикасын сактоого;
- Көзөмөлчүлүк кенештин чечимдерин аткарууга;
- Көзөмөлчүлүк кенештин мыйзамдарда жана мектептин уставында белгиленген башка милдетгерди аткарууга.

3. Көзөмөлчүлүк кенештин мүчөлөрү өз укуктарын жүзөгө ашырууда жана милдеттерин аткарууда мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуучу жарандардын кызыкчылыктарында аракеттенүүгө тийиш.

4 Көзөмөлчүлүк кенештин мүчөлөрү өздөрүнүн аракеттери (аракетсиздиктери) менен келтирилген зыян үчүн мектептин алдында жоопкерчилик тартышат. Мында Көзөмөлчүлүк кенештин зыянга алып келген чечимге каршы добуш берген же добуш берүүгө катышпаган мүчөлөрү жоопкерчилик тартышпайт.

5 Кецештин мүчөлөрү ушул Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдерин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

6. Көзөмөлчүлүк кенештин терагасы:

1) Көзөмөлчүлүк кенештин ишин уюштурат, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара мамилелерде Көзөмөлчүлүк кенештин атынан чыгат;

2) жыйналыштарды чакырат, Көзөмөлчүлүк кенештин жыйналыштарында карооо үчүн киргизилүүчү маселелерди аныктайт;

3) Көзөмөлчүлүк кенештин жыйналыштарында төрагалык кылат;

4) Көзөмөлчүлүк кенешке берилген материалдарды текшерүүнү уюштурат;

5) Көзөмөлчүлүк кенештин ишинин натыйжаларын жалпылоону уюштурат жана анын ишин уюштурууну жакшыртууга багытталган чараларды кабыл алат;

6) мектептин уюштуруучусуна, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтуу кенешке жана вРББнө Көзөмөлчүлүк кенештин иши жөнүндө маалымдайт;
7) Көзөмөлчүлүк кенештин чечимдерине ылайык башка иш-милдеттерді аткарат;

7. Кенештин терагасы өз иш-милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда анын ыйгарым укуктары Кенештин мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмесинин чечими менен мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мумкун.

8. Кенеш өз курамынан Көзөмөлчүлүк кенештин катчысын шайлайт.

Катчынын ишин техникалык жактан колдоо учун Көзөмөлчүлүк кенештин чечими боюнча адамдар келишимдик негизде тартылышы мумкун.

9. Көзөмөлчүлүк кенештин катчысы:

- Кенештин жыйналыштарын даярдоону камсыз кылат;
- Кенештин мүчөлөрүнө жыйналышты өткөрүүнүн датасы, убактысы жана орду жөнүндө кабар берет, Көзөмөлчүлүк кенештин жыйналышынын протоколун жүргүзөт;
- Кенештеги иш кагаздарын уюштурат жана жүргүзөт, ошондой эле анын чечимдеринин аткарылыш мөөнөттөрүн көзөмөлдөйт;
- Кенештин жана анын терагасынын тапшырмаларына ылайык башка иш-милдеттерди аткарат.

### 3.1 Көзөмөлчүлүк кенештин ишин финансылык жактан камсыз кылуу

1. Кенеш өз ишин уюштуруу учун мыйзамдарга карама-каршы келбеген булактардан гуманитардык жардамды, финансылык жана башка материалдык каражаттарды тартууга укуктуу. Аларды кабып алуу, эсебин жүргүзүү жана бөлүштүрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.
2. Кенеш тарабынан тартылган акчалай каражаттарды топтоштуруу учун мектеп жетекчиси банкта мекеменин топтоомо эсебин ачат. Кецеш тарабынан тартылган акча каражаттарын топтоо жана пайдалануу тартиби Кыргыз Республикасынын ВКМТУ тарабынан бекитилет.
3. Акчалай каражаттары эсептен Кенештин чечиминин негизинде, анда көрсөтүлгөн дайындуу максаттарга гана алынышы мумкун.
4. Кенеш акчалай каражаттарды өз ишин уюштурууга, бирок түшкөн сумманын 2 пайызынан кеп эмесин пайдаланууга укуктуу.
5. Кенеш жыл аягында өз иши жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында отчет жарыялайт;

### 3.3 Көзөмөлчүлүк кенештин жыйналышы

1. Кенештин биринчи жыйналышын Көзөмөлчүлүк кенештин жашы боюнча улуу мүчөсү ачат.
   Кецештин биринчи жыйналышында ачык добуш берүү менен Көзөмөлчүлүк кенештин терагасы жана катчысы шайланат.

2 . Кенештин жыйналышында Көзөмөлчүлүк кенештин ар бир мүчөсү бир добушка ээ.

- Көзөмөлчүлүк кенештин жыйналышы ага Кенештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда ченемдүү укук болот.
- Кенештин жыйналышы ачык, кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.
- Көзөмөлчүлүк кенештин жыйналыштарын өткөрүүнүн мезгили Кенештин иш планы менен аныкталат.

3. Көзөмөлчүлүк кенештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин талабы боюнча Кенештин мүчөлөрү кезексиз жыйналыш чакыруу жөнүндөгү сунуш киргизүү укугуна ээ.

4. Көзөмөлчүлүк кенештин мүчөлөрү анын жыйналыштарына жеке өздөрү катышат. Кенештин жыйналышына катышуу мүмкүнчүлүгү болбогон учурда Кенештин мүчөсү күн тартибине киргизилген маселе боюнча өзүнүн пикирин жазуу жүзүндө жөнөтүүгө укуктуу.Көрсөтүлгөн пикир Кенештин жыйналышында каралууга жатат жана добуш берүүдөэске алынат.

5. Кецештин чечими боюнча анын жыйналышына мамлекепик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, илимий, жана башка уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле социалдык кесиптик бирликтердин чөйрөдөгү мекемелердин иши жаатында адистешкен эксперттер жана башка консультанттар чакырылышы мүмкүн.

6. Кенештин жыйналышы ачык өткөрүлөт, аларга социалдык чөйрөдөгү мекемелердин өкүлдөрү, жарандар, жарандык коомдун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катыша алышат.

7. Көзөмөлчүлүк кенештин чечими Кенештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат жана протокол менен жол-жоболонот, ага жыйналыштын терагасынын жана катчысынын колдору коюлат.

Кецештин мүчөсүнүн өзгөчө пикири жазуу жүзүндө жол-жоболонот жана Кенештин чечимине тиркелет.

**3.3 Көзөмөлчүлүк кенештин мамлекепик органдар, мектеп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен оз ара аракеттенүүсү**

1. Көзөмөлчүлүк кенештин иш планынын көчүрмөсү аны бекиткен күндөн тартып 5 жумушчу күндөн кечиктирбестен, ошондой эле ага ар бир өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенден кийин мектепке, мектеп директоруна, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтуу кенешке жана РББнө милдеттүү тартипте жиберилет.
2. Мектеп директору , мекеменин жетекчиси, жергиликтуу мамлекеттик администрация, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жана мектептеги ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кенештин жыйналышынын күн тартибине киргизүү үчүн Кенештин кароосуна маселелерди киргизүүгө укуктуу.
3. Көзөмөлчүлүк кенештин ишин уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу (Кенештин жыйналыштары үчүн орун жайды камсыз кылуу, талкууланган маселелер боюнча маалымдама-маалыматтык материалдарды

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ
БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ
АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

" 8"-ноябрь 2021-жыл № 78 Баетов айылы.

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү, балдардын билим берүү уюмдарында көзөмөлчүлүк кеңештеринин сапаттык курамын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 23-августундагы №468 токтомун жана "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 30-май №81 Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 09.08.2021-жылдагы №1391/1 буйругун аткарууга алуу, 2021-жылдын 5-ноябрындагы №1 протоколундагы Кеңешти тандоо жана түзүү боюнча комиссиянын чечимин аткаруу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 09.08.2021-жылдагы №1391/1 буйругу жетекчиликке алынып, ишке ашырылсын.
2. Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн алдындагы Кеңешти тандоо жана түзүү боюнча комиссиясынын чечими менен Жалпы билим берүүчү орто мектептердин жана балдардын билим берүү борборунун, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилерине тапшырылган резюмеге ылайык Мектептерде жана мектепке чейинки билим берүү бөлүмдөрүндө, балдардын билим берүү борборунда көзөмөлчү кеңештин сапаттык курамы бекитилсин ( тиркеме тиркелет)
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарында көзөмөлчүлүк кеңештеринин институтун бекемдөө жана социалдык отчеттуулук инструменттерин киргизүү боюнча Иш-Чаралар планы жана окутууга тийиштүү кызматкерлерди бөлүштүрүү менен иш алып баруу мектеп директорлоруна жана бала бакча башчыларына жүктөлсүн, жасалган иштер боюнча отчеттуулукту өз убагында берип туруу милдеттендирилсин:
4. Бул буйруктун аткарылышын көмөлдөө жагын райондук билим берүү бөлүмүнүн адиси Г.Нурманбетовага тапшырам .

Башчы К.Эсеналиев

Атк: Г.Нурманбетова
Тел 0(3537) 92-7-64
Жиберилди: Иш кагаздарына,

Сканировано с CamScanner

Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн 8-ноябрь, 2021-жылдагы №78 буйругуна тиркеме

| № | Мектептердин аталышы | Айыл өкмөтү | Комиссиядагы адамдардын А.А.А | Телефон номери |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| 1 | И.Молдобаев | Жерге-Тал | 1. Итикулов Рахатбек Саякбаевич<br>2. Рысбек кызы Калыйкан<br>3. Жээнбай уулу Жаныбек<br>4. Окенаева Гүлзат Шайлооевна<br>5. Жумалиев Мирбек Макенович | 0702 767209<br>0702 154531<br>0700 120195<br>0700 714985<br>0704 778810 |

Макулдашылды: ___________

Көзөмөлчүлүк Кеңештин

төрагасы: Итикулов Р.С.

Бекитемин: ___________

Мектеп директору: Саякбаева Н.Ш.

"17" январь 2022-жыл

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин Көзөмөлчүлүк Кеңешинин 2022-жылга карата иш планы**

| № | Карооого алып чыгуучу маселелер | Мөөнөттөрү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Көзөмөлчүлүк Кеңешинин төрагасын жана катчысын шайлоо<br>Көзөмөлчүлүк кеңештин бир жылдык иш планын бекитүү.<br>Күнүмдүк маселелер | Январь 2022-ж. | Көзөмөлчүлүк Кеңешинин төрагасы, Көзөмөлчүлүк Кеңешинин катчысы |
| 2 | Мектепти Өнүктүрүү Планын бекитүү<br>Бюджеттен тышкары каражаттарды тартуу жөнүндө<br>Атайын эсеп боюнча чыгымдардын сметасына түзөтүүлөрдү киргизүү<br>Күнүмдүк маселелер | Март 2022-ж. | Көзөмөлчүлүк Кеңешинин төрагасы, Көзөмөлчүлүк Кеңешинин катчысы |
| 3 | Мектептин окуу жылына даярдыгы тууралуу<br>Финансы жылынын жыйынтыктарын чыгаруу, атайын смета боюнча чыгымдардын сметасынын отчету<br>Келерки жылга карата чыгымдардын сметасы<br>Коомдук угууларга даярдык көрүү<br>Күнүмдүк маселелер | Август 2022-ж. | Көзөмөлчүлүк Кеңешинин төрагасы, Көзөмөлчүлүк Кеңешинин катчысы |
| 4 | Бюджеттен тышкары каражаттарды тартуу тууралуу<br>Күнүмдүк маселелер<br>Атайын эсеп боюнча чыгымдардын сметасына түзөтүүлөрдү киргизүү<br>Күнүмдүк маселелер | Октябрь 2022-ж. | Көзөмөлчүлүк Кеңешинин төрагасы, Көзөмөлчүлүк Кеңешинин катчысы |
| 5 | МӨПтүн мониторингинин жыйынтыктарын жана мектептин өзүн-өзү баалоосун талкуулоо<br>Коомдук угууларга даярдык көрүү<br>Күнүмдүк маселелер | Декабрь 2022-ж. | Көзөмөлчүлүк Кеңешинин төрагасы, Көзөмөлчүлүк Кеңешинин катчысы |

Итикул Молдобаев атындагы орто

мектебинин Көзөмөлчүлүк Кеңешинин

катчысы ___________ Рысбек кызы К.